| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫНДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

04.10.2023 ж. № 78/XXIII – 4

**Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына жаңы административдик имарат куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө**

«Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын жаңы административдик имаратын куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө», Кайыңды шаарынын мэриясынын катын карап, изилдеп , 1999-жылдын 2 – июнунданы № 45 Кыргыз Республикасынын "Жер кодексинин" 14 – беренесинин, 25 – беренесинсин 2-пунктунун, 32-беренесинин 4-пунктунун негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн менчигинде турган Мира №2/3, көчөсүндө, 737,2 кв.м. аянты менен жайгашкан жер тилкесин Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына, жаңы административдик имарат куруу үчүн берүүгө макулдук берилсин.

2. Аталган жер тилкеси 3 жылдын ичинде өз максаты боюнча пайдаланылбаса, Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн балансына кайтарылсын.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**